008-425

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

(И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети – тең уюштуруучу)

Д 13.06.331 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 371.2:372.881.1 (575.2) (043.3)

**АБДУХАМИДОВА БАТМАХАН АБДУАКИМОВНА**

# ӨЗБЕК МЕКТЕПТЕРИНИН 1–4-КЛАССТАРЫНДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫ КЫРГЫЗЧА КЕП АДЕБИНЕ ҮЙРӨТҮҮНҮН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02–окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз тили)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2008

Диссертациялык иш Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, доцент **С.К. Рысбаев**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Б.Ө. Өмүралиев**, педагогика илимдеринин кандидаты **Ы.А. Керимбекова**

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасы

Диссертациялык иш 2008-жылдын 9-октябрында саат 13.00дө Кыргыз билим берүү академиясынын (тең уюштуруучусу – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети) алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.13.06.331 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги 720040, Бишкек шаары, Эркиндик проспекти, 25.

Диссертация менен Кыргыз билим берүү академиясынын Илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2008-жылдын 8-сентябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, улуу илимий кызматкер: Ибраева Н.И.



# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө ишинин актуалдуулугу.** Кыргызстан – көп улуттуу мамлекет болуу менен, анда кылымдар бою эриш-аркак мамиледе жанаша жашап, тили тектеш, жашоо-тиричилиги, үрп-адат, каада-салты окшош, кесиби, дин тутуму да бирдей болгон өзбек калкы сан жагынан өлкөбүздөгү түпкү элден кийинки эле экинчи орунда турат. Дал ушул көп улуттуу чөйрөдө мамлекеттик тил катары кыргыз тилин үйрөтүү зарылдыгы, айрыкча, Мамлекеттик тил мыйзамы кабыл алынгандан кийин даана байкалды жана социалдык-маданий турмуш алакабыз ал тилди талаптагыдай окуп-үйрөнүү сыяктуу келечектүү маселени чечүүнүн зарылдыгын ырастап отурат.

Ал үчүн мамлекеттик тилди, кыргыз тилин, жаш муундарга мектеп партасынан тартып атайын окуу предмети катары окутуу, ал предметти эки бир тууган улуттун өкүлдөрүнүн мындан ары да карым-катышынын, жакындашуусунун, билим алышынын, түпкү элдин тарыхын, маданиятын, улуттук дөөлөттөрүн таанып-билүүнүн каражатына айландыруу маселелерине бүгүнкү күндө тил үйрөтүү ишиндеги бирден-бир артыкчылыктуу иш катары мамиле жасоо кажет. Ошондо гана ал Мамлекеттик тил мыйзамына функционалдык мамиле жасагандыгыбыздын далили болмокчу, тактап айтканда, мыйзамдын практикалык талаптарынын аткарылышынын турмуштук туура негизи түзүлмөкчү.

Мына ушуну эске алып, биз республикабыздагы мамлекеттик эмес тилде окуган мектептерде кыргыз тилин үйрөтүүдө башталгыч класстын окуучуларына кыргызча кеп адебинин эң жөнөкөй үлгүлөрүнө: кыргызча учурашууга, тааныша билүүгө, кечирим сурооого, бир нерсени сурап алууга, керектүү нерсе жөнүндө сурап билүүгө, адептүү кош айтышып, талашып-тартыша билүүгө үйрөтүү, андан ары кеп адебинин үлгүлөрүн пайдалануу менен сүйлөшүү маданиятына көнүктүрүү, бул иш-аракеттердин тилдик компоненттерин, т.а. лексикалык-грамматикалык каражаттарын кебинде колдоно билүүгө машыктыруу иш-аракетин диссертациялык изилдөөбүздүн негизине алып отурабыз.

Бул маселелерди илимий-методикалык жактан чечүү кыргыз тилин мамлекеттик эмес тилде окуган мектептерде окутуунун мисалында буга чейин атайын изилдөөгө алына элек. Ошондуктан, башка тилдерди окутуунун, асыресе, орус тилин экинчи тил катары улуттук мектептерде үйрөтүү методикасынын тажрыйбасына таянбай койбойбуз. Аталган теманын тегерегинде

орус окумуштуу-методисттери Е.И.Пассов, Г.В.Костомаров, В.И.Капинос, Т.А.Ладыженская, Н.И.Формановская, психолог-окумуштуулар А.С.Выготский, И.А.Зимняя, Л.Н.Леонтьев, В.А. Артемов, Н.И.Головиндин ж.б. эмгектерин эске алуу менен иш жүргүзсөк максатка ылайык болот. Анткени алар тилди экинчи тил катары окутуунун методикалык принциптерин, психологиялык негиздерин, окутуунун коммуникативдик багытын жетиштерлик деңгээлде изилдешкен. Ошондой эле тилди окутууда окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун, кеп маданиятына үйрөтүүнүн практикалык баалуулугу тууралуу көптөгөн пикирлерин айтышкан. Ал эми кыргыз тилин окутуу методикасында окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү жагдайы окумуштуу-методисттер: А.Осмонкуловдун, Б.Өмүралиевдин, С.Үсөналиевдин, К.Сартбаевдин, Ж.Дүйшеевдин, Ү.Култаеванын, Ж.Чымановдун ж.б. эмгектеринде белгилүү деңгээлде каралган. Бүгүнкү күндө окуу мамлекеттик эмес тилде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуу методикасы илими жаңыдан түптөлүп келатканы ырас. Ошентсе да, бул проблеманы чечүү багытында п.и.д., профессор К. Добаев жана п.и.д. С.Рысбаев, педагогика илимдеринин кандидаттары М. Мирзахидова, А.Акматова, З.Сарылбекова жана Р.Керимбековалар тарабынан илимий-изилдөө иштери жүргүзүлүп, бир катар диссертациялар жазылды. Биздин изилдөө менен филол.и.д. С.Мусаев, п.и.д. С.Рысбаев, п.и.к. А.Акматовалардын айрым эмгектериндеги жалпы жоболор үндөшүп кетсе да, түздөн-түз окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуу процессинде окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүү проблемасы диссертациялык изилдөөнүн предмети катары биринчи ирет колго алынып отурат.

Бул маселени чечүү практикалык жактан зарыл болуп турса дагы, учурда мектеп мугалимдери окуучуларга грамматикалык материалдарды үйрөтүү менен көп алектенишет. Окуучулар кыргызча кеп этикетине атайын көнүктүрүлбөйт.

Ошондуктан, кеп маданиятынын ичинен атайын бөлүп алып, өз алдынча изилдөөнү талап кылган актуалдуу маселе катары кеп адебине жана сүйлөшүү маданиятына окуучуларды үйрөтүү методикасынын негиздерин илимий негизде атайын иштеп чыгуунун зарылдыгы диссертациялык ишибиздин **актуалдуу** экендигин далилдеп отурат.

**Изилдөөбүздүн негизги проблемасы** катары окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуу практикасында жана бул багыттагы окуу китептеринде, программаларда негизги көңүл баарлашуу кебине машыктыруу эмес, жогоруда белгиленгендей, тилдин лексикалык-грамматикалык түзүлүшүн үйрөтүүгө айрыкча бурулууда. Окутуунун методдору да ошого жараша тандалып, сабактын практикалык жагы унутта калууда. Мына ушундай шартта, кыргыз тилин өзбек класстарында окутууда окутуунун методдорун, принциптерин тандоодо тилди үйрөтүүнүн коммуникативдүү багытын карманууу, окуучулардын бул тилдеги баарлашуу маданиятына өзгөчө көңүл буруу зарылдыгы туулат. Изилдөөнүн өзөгүн мына ушул проблемалуу жагдайды чечүү маселелери ээлейт.



Ушул айтылгандарга негизденип, «Өзбек мектептеринин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери» аттуу темадагы диссертациялык изилдөөбүздү жүргүзүүнү алдыбызга койдук.

**Изилдөөбүздүн негизги максаты** окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тили сабагында окуучуларды кыргызча кеп адебине жана сүйлөшүү маданиятына үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин аныктоо болуп саналат.

**Изилдөө объектиси** катары окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутуу процесси алынды.

**Изилдөөнүн предмети** катары өзбек мектептеринин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутуу процессинде окуучуларды кыргызча кеп адебинин компоненттери, лексикалык-грамматикалык негиздери жана ага үйрөтүүчү илимий-методикалык иш-аракеттердин системасы алынды.

Изилдөөбүздүн алдына коюлган жогорудагы максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй **божомолдоолорду (гипотезаны) койдук:**

Окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүү төмөндөгү учурларда гана, атап айтканда:

– кыргыз тилин окутууну коммуникативдик багытта уюштуруу менен окуучулардын кебинин коммуникативдик сапаттуулугун арттыруу жолдорун тапканда;

– окуучуларды кеп адебине үйрөтүүнүн лексикалык-грамматикалык негиздерин, каражаттарын так аныктаганда, аларды жазуу жана оозеки кебинде туура пайдаланууга окуучуларды үйрөткөндө;

– кыргызча кеп адебинин белгилерин, дидактикалык талаптарын, анын типтерин, түрлөрүн, компоненттерин туура

мүнөздөп, талдап үйрөнүп, күндөлүк турмушубузда жана көркөм адабиятта кеңири колдонулган эң керектүү үлгүлөрүнүн топтомун түзүп, аларды сабакта кырдаалга жараша ырааттуу колдонууга окуучуларды машыктырганда;

– кыргызча кеп адебине үйрөтүүчү илимий-методикалык иштердин жана көнүгүүлөрдүн бирдиктүү системасын түзүп, бул иш-аракеттерди окуу процессинде колдонуу жолдорун иштеп чыкканда жана аларды практикага киргизгенде ийгиликтүү болот.

Бул проблемалар төмөндөгүдөй **милдеттерди** чечүүнү талап кылат:

– изилдөөнүн темасына ылайык окуу-нормативдик, психологиялык-педагогикалык, илимий-методикалык адабияттарды, окуу китептерин талдоо, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды илимий-методикалык жактан жалпылоо;

– кыргызча кеп адебине коюлуучу дидактикалык талаптарды, кыргызча кеп этикетинин белгилерин, типтери менен түрлөрүн, анын компоненттерин, лексикалык-грамматикалык каражаттарын, ага үйрөтүүнүн методдорун, принциптерин аныктоо;

– кеп адебине үйрөтүүчү коммуникативдик багыттагы иш-аракеттердин бирдиктүү талаптарын, аны жүзөгө ашыруучу көнүгүүлөр системасын түзүү, алар менен иштөө жолдорун сунуштоо жана алардын ынанымдуулугун эксперименталдык сыноодо текшерип, практикага киргизүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздери** катары адамдын ой жүгүртүүсү жана тил, тил жана кеп, рухий маданият тууралуу философиялык-педагогикалык көз караштар, улуттук маданият, көп маданияттуулук, этномаданий лексика багытындагы эмгектер, кеп маданияты жана стилистика, кеп ишкердүүлүгү, окутуунун коммуникативдүүлүгү, кептин коммуникативдик сапаттуулугу жөнүндөгү теориялык эмгектер, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу тууралуу окуу-нормативдик адабияттар, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жана Билим берүү тууралуу мыйзамдар, аларды турмушка ашыруу тууралуу өкмөттүк иш-чаралар, түпкү тамыры бир кыргыз жана өзбек улутундагы эки бир тууган элдин геосаясий, тилдик, рухий-маданий жакынчылыгы, улут аралык ынтымак мамилелери, улуттук салттуу мамилелери, эки элдин ортосундагы түбөлүк достугу тууралуу мамлекеттик документтер жана да бүгүнкү күндөгү окуучулардын көп маданияттуулугу, аларга көп тилде билим берүү идеялары таяныч кылып алынды.



**Изилдөө ишинде төмөндөгү методдорду колдондук:**

**1. Теориялык:** темага тиешелүү болгон лингвистикалык, методикалык, педагогикалык жана психологиялык адабияттарды изилдөө, талдоо жана жалпылоо;

**2. Эмпирикалык байкоо жүргүзүү жана педагогикалык эксперимент:**

– өзбек мектептеринде кыргыз тилин окутуу процессинде окуучуларды кыргызча сүйлөшүү маданиятына, кеп этикетине үйрөтүүнүн учурдагы абалын талдоо үчүн сабактарга катышуу, системалуу байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү;

– окуучулардын арасында жазуу жана оозеки түрүндөгү суроо-жооп иштерин жүргүзүү, кетирилген каталарды талдоо жана аларды жоюунун жолдорун издөө;

– окуучуларды кеп адебине үйрөтүү боюнча мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларын үйрөнүү жана аларды жалпылоо;

– иштелип чыккан методикалык сунуштарды жана ыкмаларды практикада сыноодон өткөрүү, ал үчүн эксперимент уюштуруу.

**Изилдөөнүн теориялык жаңылыгы** – окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кыргызча кеп адебине, сүйлөшүү этикетине үйрөтүүнүн лексикалык-грамматикалык негиздери, педагогикалык шарттары аныкталып, кеп адебинин типтери менен түрлөрү, компоненттери, анын дидактикалык мүнөздөмөсү, белгилери, балдардын кебинин коммуникативдик сапаттуулугун арттыруунун бирдиктүү системасынын иштелип чыгышы, аларды окуу процессине киргизүүнүн илимий изилдөөнүн объектиси катары алгач ирет алынып отурушу.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:** Изилдөөнүн практикалык жыйынтыктары өзбек тилинде окуган мектептерде кыргыз тили сабагын коммуникативдик багытта жүргүзүүдө, кыргызча кеп адебине, сүйлөшүү маданиятына үйрөтүүдө мугалимдерге, алардын билимин жогорулатууда сөзсүз көмөк бермекчи. Окуу китептеринин авторлору тарабынан да окуучулардын кебинин коммуникативдик сапаттуулугун арттыруу жагдайында материал топтоодо, мазмунун байытууда сунуштарыбыз эске алынат. Аспиранттар жана изденүүчүлөр өздөрүнүн изилдөөлөрүндө пайдаланышат.

**Коргоого төмөндөгүлөр алынып чыгат:**

– башталгыч өзбек класстарында окуучулардын кыргызча кеп адебине коюлуучу талаптар, кептин коммуникативдик сапаты катары кеп адебинин дидактикалык мүнөздөмөсү, анын типтүү компоненттери;

– окуучулардын кеп адеби да анын жалпы маданиятынын бир белгиси экендиги, ага үйрөтүүнүн лексикалык-грамматикалык каражаттары жана психологиялык негиздери;

– кеп адебине, кыргызча сүйлөшүү этикетине үйрөтүүнүн принциптери, методдору жана методикалык ыкмалары;

– окуучуларды кеп адебине үйрөтүүгө ылайык оозеки жана жазуу жумуштарын камтыган көнүгүүлөрдүн системасы жана ал боюнча иштөөнүн жаңы, натыйжалуу технологиялары.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:**

– изилдөөбүздө өзбек мектептеринин башталгыч класстарынын окуучуларына кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө мугалимдер тилдик материалдарды бир жактуу пайдаланышып, натыйжада, тилдин практикалык-коммуникативдик багытынан алыстап, окуучулардын кебин өстүрүү, кеп маданиятына, сүйлөшүү этикетине үйрөтүү маселесине көңүл бурбай келе жаткандыгына илимий негизде баа берилди, сынактарда, аңгемелешүүлөрдө жана сабактарга катышып байкоо жүргүзүүдө ушул маселени чечүүгө өзгөчө көңүл коюп, аны жоюунун жолдору аныкталды;

– башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кеп адебинин эң негизги үлгүлөрүнө ээ болуусунун жолдору табылып, ал аркылуу кыргызча маданияттуу сүйлөшүүгө көнүктүрүүнүн негиздери иликтенди;

– окуучуларды кыргызча сүйлөшүү адебине үйрөтүүнүн лексикалык-грамматикалык негиздери катары окуу материалдарынын функционалдык кызматы аныкталды; ал материалдарга сүйлөшүү адебине үйрөтүүнүн «курулуш материалдары» катары маани берүү, кеп адебинине коюлуучу дидактикалык талаптар, ага машыктыруунун педагогикалык шарттары, методдору менен принциптери, кыргызча сүйлөшүү этикетинин типтери, түрлөрү, компоненттери, көнүгүү иштеринин системасы, кыргызча сүйлөшүүнүн коммуникативдик сапаттуулугун өркүндөтүү жолдору, ага карата илимий-методикалык сунуштар иштелип чыкты;

– изилдөөдөн улам келип чыккан илимий-методикалык сунуштарды теориялык, методикалык негизде жалпыланып, автордук жеке көз караштарыбыз мектеп практикасына сунушталды.

**Изилдөөнүн базалык негизи** катары Токмок шаарындагы А.Навои атындагы №4, Жалал-Абад областынын Сузак районундагы А.Юнусов, Дөмөр орто мектептери жана Баткен областынын Лейлек районундагы Хамза, А.Навои атындагы өзбек тилиндеги мектептер тандалып алынган.



**Изилдөө төмөндөгүдөй этаптарда жүргүзүлдү:**

**1-этап:** 2004–2005-жылдар. Теориялык, методикалык адабияттарды окуп-үйрөнүү, теориялык изденүү, окуучулардын кыргызча кеп адебинин абалын аныктоо, талдоо, т.а., **констатациялык эксперимент** өткөрүлдү.

**2-этап:** 2005–2006-жылдар. Мектептерде окуучулардын кыргызча жазуу жана оозеки кеп адебин өркүндөтүүнүн багыттары боюнча эксперименттик иштелме түзүлдү жана ал боюнча **сыноо иштери** жүргүзүлдү.

**3-этап:** 2006–2008-жылдар. Экспериментти жыйынтыктап, **текшерүү сыноосу** өткөрүлдү.

## ИЛИМИЙ ИШТИН ТҮЗҮЛҮШҮ

Диссертация кириштүүдөн, үч главадан, корутунду-сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

**Кириштүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, алдыда турган проблема, иштин максаты, изилдөө предмети жана объекти, максатка жетүүнүн илимий божомолдору, аткарууга тийиш болгон милдеттер, коргоого алынып чыгуучу жоболор ж.б. белгиленген.

**Биринчи главасы** «Өзбек мектептеринин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн теориядагы жана практикадагы абалы» деп аталат да, анда окуучулардын кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн максат-милдеттери, алгачкы педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары, окуучуларды кеп адебине үйрөтүү проблемаларынын окуу программаларда, мамлекеттик стандарттарда, окуу китептерде жана методикалык адабияттарда берилиш абалы каралган.

**Экинчи глава** «Өзбек мектептеринин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутуу процессинде окуучуларды кеп адебине үйрөтүүнүн илимий-методикалык маселелери» деп аталуу менен, кыргыз тили сабагында окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүгө коюлуучу психологиялык жана дидактикалык талаптар, анын педагогикалык шарттары, лексикалык, грамматикалык темаларды окуп-үйрөтүүдө окуучуларды кеп адебине, сүйлөшүү этикетине машыктыруунун принциптери жана методдору жөнүндө сөз болот.

**Үчүнчү главада** болсо, «Өзбек мектептеринин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кыргызча кеп аде-

бине үйрөтүүчү көнүгүүлөр системасы, алар менен иштөө жолдору» деп аталып, кеп адебине үйрөтүүчү бирдиктүү көнүгүүлөр системасы, алар менен иштөө жолдору, өткөрүлгөн педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары тууралуу кеңири сөз болот.

**Корутундуда** изилдөө жумуштарынын негизги тыянак-жыйынтыктары чыгарылып, өзбек мектептеринин башталгыч класстарында кыргыз тилин окутууда кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн келечектүү жолдору боюнча илимий-методикалык сунуштар берилди.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациянын биринчи главасы** «Өзбек мектептеринин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн теориядагы жана практикадагы абалы» деп аталып, окуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептерде кыргыз тили предмети экинчи тил катары окутулары, ал кыргыз мектебинде кыргыз тилин эне тили катары окутуудан айырмаланып турары белгиленди. Анткени, бул предметтин өзгөчөлүктөрүнө жараша алдына койгон спецификалуу максаттары бар.

Мамлекеттик тилди мектепте милдеттүү окуу предмети катары окутуу 1990-жылдан баштап окуу планына киргизилип,[1] учурда республикабыздын аймагынан орун алган бардык өзбек мектептеринде кыргыз тили туруктуу окутулуп келатат. Анын өз деңгээлинде окутулушун илимий-методикалык жактан жабдуу максатында концепция, мамлекеттик стандарттар, окуу программалары иштелип чыгып, жаңыча окуу китептери, айрым методикалык адабияттар, дидактикалык материалдар аздан болсо да жарык көрүүдө.

Ушул жерден белгилей кете турган нерсе – бул кыргыз тили мамлекеттик статус алуусунун алдына негизги үч маселени чечүү коюлган, т.а. алар төмөндөгүлөр:

1) кыргыз тилин республикабызда жашап жаткан башка улуттун өкүлдөрүнө баарлашуунун тили катары практикалык негизде үйрөтүү;

2) түпкү улуттун өкүлдөрүнө эне тилин окутууну мындан ары жакшыртуу, окуучулардын байланыштуу кебин, кеп маданиятын өстүрүү;

3) кыргыз тилинин илимий-методикалык жактан изилденишин мындан ары өркүндөтүү.

[1] Кыргыз тилинин программасы (окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–11-класстары үчүн), түзүүчүлөр: Ашырбаев Т., Рысбаев С., –Бишкек, 2007. 3-б.



Демек, кыргыз тилин башка улуттун өкүлдөрүнө, бөтөн тилдүү мектептерде билим алып жаткан түпкү элдин балдарына үйрөтүүгө көңүл бөлүү менен, алардын мамлекеттик тилде сабаттуу жазып, маданияттуу сүйлөй алышына өзгөчө басым коюу, б.а. алардын байланыштуу кебин жана сөз маданиятын, анын ичинде кеп адебин өстүрүү зарыл.

Диссертацияда булардан сырткары, концепция, мамлекеттик стандарттар, окуу программалары, окуу китептери жана методикалык адабияттар илимий-методикалык жактан талдоого алынды жана кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн теориялык негиздери изилденди жана анын максат-милдеттери аныкталды.

Мында диссертациялык изилдөөнүн темасына ылайык, адегенде, балдардын оозеки кебине, анын ичинде кыргызча кеп адебине, диалогдук кепке өзгөчө көңүл бурулду.

Тил үйрөнүү процесси, негизинен, эки түрдө жүрөрү белгилүү, биринчиси – табигый түрдө, экинчиси – атайын окуу процессинде, окуу методикалык каражаттардын жардамы менен ишке ашат. Биз диссертацияда тил үйрөнүүнүн экинчи жолу тууралуу сөз кылдык, б.а. атайын окуу процессинде башталгыч класстардын окуучуларын кыргызча кеп адебине машыктырууда, жогоруда айтылгандай, окуу китептери, окуу программалары ж.б. комплекстеринин жардамы менен жүзөгө ашыруунун илимий-методикалык маселелери каралды.

**Иштин экинчи главасы** «Өзбек мектептеринин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутуу процессинде окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн илимий-методикалык маселелери» деп аталып, ал, негизинен, окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында кыргыз тилин окутуу процессинде окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүгө коюлуучу психологиялык жана дидактикалык талаптар, кеп адебинин компоненттери жана алардын мүнөздүү белгилери, фонетикалык, лексикалык, грамматикалык материалдарды окуп-үйрөнүү процессинде окуучуларды кеп адебине үйрөтүүнүн принциптерин жана методикалык негиздерин аныктоого арналды.

Кыргызча кеп адебине үйрөтүү бир түрдүү эрежелер, же үлгү-моделдер менен ишке аша койбойт. Ал үчүн окуучуларды түрдүү тематикада, түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүп жатыгууларга үйрөтүү зарыл. Диссертациянын бул главасында, мына ушул максатка ылайык кеп адебинин типтери, анын түрлөрү системага салынды, алардын мүнөздүү белгилери жана кыргызча кеп адебине үйрөтүүгө коюлуучу психологиялык жана дидактикалык талап-

тар аныкталды. Кеп адебинин эң жөнөкөй үлгүлөрүнөн тартып, балдардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келер татаалдыктагы сүйлөшүү үлгүлөрү тандалып алынды. Тактап айтканда, төмөндөгүдөй:

**1. Байланышуудагы кеп адеби:** учурашуу адеби, кайрылуу адеби, таанышуу адеби, коштошуу адеби, чакыруу адеби, узатуу адеби, маектешүү адеби, телефондо сүйлөшүү адеби.

**2. Сурап алуудагы, сурап билүүдөгү кеп адеби:** уруксат суроо адеби, нерсени сурап алуу адеби, сурап билүү адеби, суроого жооп берүү адеби.

**3. Талаш-тартыштагы кеп адеби:** каршы болуу адеби, макул болуу адеби, бирөөнүн оюн билүү адеби, өз оюн билдирүү адеби.

**4. Эмоционалдык-экспрессивдик кеп адеби:** кечирим суроо адеби, куттуктоо адеби, ыраазы болуу адеби, жакшы көрүүсүн билдирүү адеби сыяктуу кеп адебинин типтери жана түрлөрү топтоштурулду.

Ал эми, кеп адебинин бул типтери бир эле класска ушул эле калыбында, дал ушул тартипте сунуш кылынбайт. Албетте, алар жеңилден оорго карай деген принципке ылайык, өзүнө мүнөздүү лексикалык, грамматикалык каражаттары менен коштолуп, коммуникативдик минимумдун чегинде, баланын курактык өзгөчөлүгүнө жараша класстарга төмөндөгүдөй тартипте болжолдуу бөлүштүрүлдү.

Атап айтканда, ***1-класска:***

**а) Байланышуудагы кеп адеби:** саламдашуу, таанышуу, коштошуу;

**б) сурап алуудагы, сурап билүүдөгү кеп адеби:** уруксат суроо, буюмду сурап алуу, сурап билүү, суроого жооп берүү;

***2-класска:***

**а) байланышуу кеп адеби:** саламдашуу, алик алуу, таанышуу, коштошуу, кайрылуу, кечирим суроо;

**б) сурап алуу, сурап билүү адеби:** уруксат суроо, бир нерсе жөнүндө сурап билүү, буюмду сурап алуу, суроого жооп берүү;

**в) талаш-тартыштагы кеп адеби:** сүйлөшүү адеби, угуу адеби, каршы болуу, макул болуу адеби;

**г) эмоционалдык-экспрессивдик кеп адеби:** куттуктоо, ыраазычылык билдирүү;

***3-класска:***

**а) байланышуудагы кеп адеби:** учурашуу, алик алуу, кайрылуу, таанышуу, коштошуу, кечирим суроо, таанышуу, бирөөнү тааныштыруу, телефондо сүйлөшүү;

**б) сурап алуу, сурап билүүдөгү кеп адеби:** уруксат суроо адеби, сурап алуу, сурап билүү адеби, суроого жооп берүү адеби;



**в) талаш-тартыштагы кеп адеби:** каршы болуу адеби, макул болуу адеби, өз оюн билдирүү адеби, сүйлөшүү, угуу адеби;

**г) эмоционалдык-экспрессивдик кеп адеби:** куттуктоо, ыраазычылык билдирүү, убада берүү адеби;

***4-класска:***

**а) Байланышуудагы кеп адеби:** саламдашуу, алик алуу, коштошуу, кайрылуу, таанышуу, тааныштыруу, чакыруу, маектешүү, кечирим суроо, телефондо сүйлөшүү;

**б) сурап алуу, сурап билүүдөгү кеп адеби:** уруксат суроо адеби, сурап алуу, сурап билүү, суроого жооп берүү;

**в) талаш-тартыштагы кеп адеби:** каршы болуу, макул болуу, бирөөнүн оюн билүү, өз оюн билдирүү, сүйлөшүү, угуу, калыс сүйлөө адеби;

**г) эмоционалдык-экспрессивдик кеп адеби:** кечирим суроо, куттуктоо, ыраазычылык билдирүү, эркти билдирүү адеби ж.б.

Булар кеп адебинин типтерин жана түрлөрүн түзө турган негизги багыттар жана аларга ылайык коммуникативдик минимумду түзүүнүн уюнттуу тематикасы да болуп саналат. Биздин эксперименталдык сыноо иштерибиз да дал ушул бөлүштүрүүгө жараша жүргүзүлдү.

Сабакта пайдаланылуучу кырдаалдар да мүнөзүнө жараша жасалма жана турмуштук кырдаалдар болуп бөлүштүрүлдү. Мисалга алынган кеп адебинин үлгүлөрү балдардын кызыкчылыгына, алардын кебине жакын мүнөздөгү жана татаалдыктагы, түрдүү көркөм-адабий китептерден, балдар журналдарынан, гезиталардан алынган.

Бул главадагы эң орчундуу параграф – кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн принциптери жана методдору деп аталат. Мында кеп адебине үйрөтүүнүн принциптерин **(кепке багыт берүү, кырдаалдуулук, окуучунун эне тилинин өзгөчөлүктөрүнө таянуу, окуу материалдарын кептеги функциясына жараша тандоо, лингвоөлкөтаануу принциби жана концентрге бөлүп окутуу принциби) жетекчиликке алып,**[2] алар сабакты коммуникативдик багытта уюштурганда гана ишке ашары белгиленди.

Салттуу сабактар менен катар **интерактивдүү методдорду** пайдаланып сабак өтүү да билим алуунун, тил үйрөнүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатат. Мисалы, **Окутуунун тайпалык ыкмасын**[3] колдонуу менен сабакта маектешүүлөрдү уюштурууда ар

---

[2] Пассов Е.И., Методика преподования иностранных языков в средней школе, – М., «Просвещение», 1989, 9-стр.

[3] Бекбоев И.Б., Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар, –Бишкек, 2005. 102–104-б.б.

бир окуучу класстагы калган бардык башка окуучулардын ар бири менен пикир алмашып иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болот, бул анын интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө да эң жагымдуу шарттарды түзөрү практикада далилденди.

Мындан тышкары, окуучулардын **сынчыл көз караштa ойлонуусуна** жетишүү үчүн анын стратегияларын колдонуу менен жакшы натыйжаларга жетишсек болору сыноодо байкалды.

Өзбек балдарына кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө бул тилдердин тилдик текештигин эске алуу менен, **грамматика-котормо ыкмасын** колдонуу ылайыктуу экендигин практика көрсөттү. Мында балдар сабакта кездешүүчү жаңы сөздөрдү, сөз айкаштарын, кеп үлгүлөрүн сөздүккө жазып, которуп, мугалимдин артынан кайталап окуп тил жатыктырышат жана сөз байлыгын өстүрүшөт. Андан сырткары, салыштыруу методу, проблемалык окутуу методу, тилди түз үйрөтүү методу, интенсивдүү окутуу методу жана аларды пайдаланып кыргызча кеп адебине үйрөтүү менен максатка жетүүгө боло тургандыгы белгиленди.

**Үчүнчү глава,** негизинен, өзбек мектептеринин башталгыч класстарында кыргыз тилин окутуу процессинде окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүчү көнүгүүлөр системасы, ал боюнча иштөөнүн педагогикалык шарттарын жана жолдорун иштеп чыгууга арналган жана да ага ылайык жүргүзүлгөн эксперименттик сыноонун жүрүшү, жыйынтыгы орун алган.

Тил үйрөтүүдө көнүгүүлөрдүн ролу, анын түрлөрү, колдонуу этаптары, максаттары тууралуу окумуштуу-методисттер ар кандай пикирлерди айтып келишет. Главанын 1-параграфында кеп адебине үйрөтүү сабактарын уюштурууда кандай көнүгүүлөр системасы жардамга келери, аны кантип колдонуу керектиги тууралуу методикалык сунуштар айтылган.

Көнүгүүлөр окуу процессинин ажырагыс бир бирдиги болуу менен, ал жаңы алган билимди бышыктоо үчүн машыгуунун, ошону менен бирге, окутуунун бир методикалык ыкмасы жана каражаты[4] боло тургандыгы белгилүү. Ошондой эле, көнүгүүлөр окутуу процессинде кандай максатта колдонулса, анын ролу дал ошол учурда аныкталат, т.а. ал машыгуунун бир түрү, же бир методикалык ыкма, же каражат болуп саналат.

Көнүгүү, негизинен, үч топко: маалымат берүүчү, изилдеп үйрөнүүчү жана мотивациялык көнүгүүлөр болуп бөлүнөт. Жалпы алганда, көнүгүүлөрдү тилдик көнүгүүлөр жана кептик көнүгүүлөр деп эки чоң топко ажыратсак болот.

[4] Миньяр-Белоручев Р.К., Методика обучения французскому языку, –М, «Просвещение», 1990, 31-стр.



Кыргыз тилин окутууда методист Б.Рысбекова логикалык көнүгүүлөр деп да, аны көнүгүүнүн бир түрү катарында өзүнчө бөлүп көрсөтөт. Е.И.Пассов менен Л.В.Скалкиндер болсо шарттуу тилдик жана кептик көнүгүүлөрдү сунуш кылышат. Ушулардын баарын иликтеп, синтездеп келсек, өзбек мектебинде кыргыз тилин окутууда төмөндөгүдөй көнүгүүлөр системасын пайдалансак болот: кептик көнүгүүлөр: машыктыруучу (даярдоочу), окуу-кептик (шарттуу кырдаалдык) жана турмуштук (реалдуу) кырдаалдык көнүгүүлөр; ал эми тилдик көнүгүүлөр машыктыруучу (даярдоочу) жана чыгармачыл көнүгүүлөр болуп бөлүнөт.

Диссертацияда көнүгүүлөрдүн бул түрлөрүнө мүнөздөмө берилип, алар менен кантип жана кандай максатта иштөө жолдору жөнүндө кенен сөз болгон. Биз изилдөөбүздө көнүгүүнүн төмөндөгүдөй эки тибин жана бир нече түрлөрүн сунуш кылып көрдүк. Атап айтканда, эки тиби катары: оозеки жана жазуу жүзүндө аткарылуучу көнүгүүлөр, алардын түрлөрү катары: угуп түшүнүү, окуп түшүнүү, сүйлөшүүгө багыттоочу, жазуу көнүгүүлөрү, сүрөт боюнча иштөөчү, текст боюнча иштөөчү, ой жүгүртүүчү, баяндап айтуучу, сүрөттөп айтуучу, оюнга байланыштуу ж.б. көнүгүүлөр болуп саналат.

Эксперименттик сыноо иштеринин жүрүшү, жыйынтыгы диссертациянын акыркы параграфында берилди, анда окутуунун психологиялык-педагогикалык негиздери катары көрсөтүлгөн бардык жоболор, окутуунун алдына коюлган максат, милдеттери, кеп адебинин типтери, түрлөрү, сунуш кылынган коммуникативдик минимум, кеп адебине үйрөтүүнүн ыкмалары, көнүгүүлөр системасы менен иштөөнүн жыйынтыгы орун алды. Аягына сыноонун жыйынтыгынан улам келип чыккан илимий-методикалык сунуштар берилди.

### Кыргызча кеп адебине үйрөтүү боюнча педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыгы

**Биринчи этаптагы констатациялык эксперимент** 2004–2005-жылдарда Токмок шаарынын А.Навои атындагы №4, Баткен областынын Лейлек районундагы Хамза, А.Навои, Жалал-Абад областынын Сузак районундагы Дөмөр жана А.Юнусов атындагы окуу өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептеринде өткөрүлдү. Бул эксперимент окуучулардын төмөндөгү билгичтиктеринин калыптануу деңгээлин текшерүү максатында жүрдү:

– окуучулардын кыргызча кеп адебинин минимумун (саламдашуу, коштошуу, кайрылуу, кечирим суроо, куттуктоо, ыраазычылык билдирүү, сурап алуу, сурап билүү, талашып-тартышуу ж.б. адеби) билиши;

– өз ара кыргызча кеп адебине ылайык сүйлөй билүү мүмкүнчүлүгүн байкоо;

– кыргыз тилине мүнөздүү болгон (ө, ү, ң) тыбыштарды туура айтып, кебинде туура колдоно алышы;

– кыргызча маданияттуу байланышуу, нерсени маданияттуу сурап алуу, сурап билүү адебин, маданияттуу талашып-тартышуу адебин жана эмоционалдык-экспрессивдик кеп адебин билүүсү, жаңы өздөштүргөн сөздөрдү, грамматикалык формаларды кебинде колдонуп сүйлөө деңгээли ж.б.;

Бул максаттарга жараша мектептерге барып сабактарга катыштык, мугалимдер менен аңгемелештик, окуучулардын кыргыз тилин окуп-үйрөнүүсүнө байкоолор жүргүзүлдү, кыргызча кеп адебинин түрлөрүн билүүсүн текшерүү максатында жазуу жумуштарын алдык. Окуучулардын жоопторун топтоп, ырааттуулукка салып, иликтөөгө алдык жана кыргызча кеп адебине ылайык баарлаша билүү деңгээлин аныктадык.

**Натыйжада, мына булар аныкталды:**

– кыргызча кеп адебинин түрлөрүнүн лексикалык минимумун окуучулардын төмөн билиши, ага үйрөтүү иш-аракеттеринин, окуу китептеринде атайын окуу материалдарынын берилбегендиги;

– окуучулардын кыргызча кеп адебине ылайык баарлашуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү экендиги;

– кыргыз тилине мүнөздүү болгон (ө, ү, ң) тыбыштарды, алар катышкан сөздөрдү дээрлик көпчүлүгү туура айта албастыгы;

– кыргызча маданияттуу байланышуу, нерсени маданияттуу сурап алуу, сурап билүү адебин, маданияттуу талашып-тартышуу адебин жана эмоционалдык-экспрессивдик кеп адебин билүү, жаңы өздөштүргөн сөздөрдү, грамматикалык формаларды кебинде колдонуп сүйлөө деңгээлинин талапка жооп бербөөсү;

– 1-класстан 11-класска чейин окуу программаларынын мурда түзүлбөгөндүгү (буга чейин 2–4-класстар үчүн жана 2–9-класстар үчүн гана программа түзүлгөндүгүн эске сала кетели), мына ошонун натыйжасында 1-класстын окуучулары үчүн атайын окуу китебинин жоктугу;

– калган 2–4-класстардын «Кыргыз тили» окуу китептеринде да кыргызча кеп адебине үйрөтүүчү, машыктыруучу көнүгүү, тапшырмалардын аздыгы;

– мугалимдер сабакта (жогорудагы көрүнүшкө карабастан) грамматикалык материалдарды кайра кайталап айтууга, сунуш кылынган жаңы сөздөрдү карандай жаттатууга маани берип, «баарлашуу аркылуу грамматиканы үйрөтүү» деген ыкманы колдонушпастыгы белгиленди.



Мына ушулар сыяктуу кемчиликтерди жоюу, практикадан четтетүүнүн жолдорун жана каражаттарын табуу максатында **изденүүчү эксперимент** уюштурулду. Бул эксперимент 2005-2006-окуу жылында Токмок шаарындагы №4 мектепте (мугалими Стамова С., Эмирова С., Момункулова А.), Баткен областынын Лейлек районундагы Хамза, Навои атындагы орто мектептерде (мугалимдери: Жумагулова Н., Ашырматова Г.), Жалал-Абад областынын Сузак районундагы А.Юнусов атындагы жана Дөмөр орто мектептеринде (мугалимдери: Абдиева Р., Максатбекова А.) жүргүзүлдү.

**Эксперименттин алдына төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:**

– Кеп адебинин түрлөрүн, ага коюлуучу талаптарын аныктоо, көнүгүүлөрдүн системасын иштеп чыгуу, көнүгүү топтомдорун түзүү, анын окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша оордук, татаалдык деңгээлдерин тактоо;

– кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда окуучулардын кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн ийкемдүү жолдорун табуу;

Бул маселелерди чечүүгө багытталган материалдар даярдалып, мугалимдерге тапшырылды, иштин жүргүзүлүшү тууралуу алдын-ала аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү, анын жүрүшүнө үзгүлтүксүз көз салынып турулду.

**Сыноого бул материалдар сунуш кылынган:**

1) Кеп адебин үйрөнүүгө даярдоочу, машыктыруучу көнүгүүлөрдүн топтомдору (1-класстын 2-жарым жылдыгында байкоо жүргүзүү үчүн).

2) Кыргызча кеп адебине үйрөтүүчү көнүгүүлөр топтому (2–3-класстарга билимин активдештирүү үчүн).

3) Көркөм чыгармалардан алынган кеп адебинин үлгүлөрүнүн топтому (2–3–4-класстарга негизги үлгүлөр боюнча окуучулардын билим-билгичтиктерин жыйынтыктоо үчүн).

4) Бул көнүгүүлөр системасы менен иштөөгө карата мугалимдер үчүн усулдук көрсөтмөлөр жана окуучулар үчүн жумушчу дептерлер.

Эксперимент учурунда бардык материалдар алдын ала сунуш кылынган класстардагы окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө дал келери байкалды. Алар окуучулар тарабынан талаптагыдай деңгээлде өздөштүрүлдү жана жакшы натыйжаларга жетишилди.

Эксперименттик сынообуз 3 этапта тең эки багытта жүрдү, тактап айтканда, өзбекче сүйлөшүү чөйрөсү кеңири аймактар

катары республикабыздын түштүк регионунун, анын ичинде Баткен, Жалал-Абад областтарынын мектептеринде жана ага салыштыруу иретинде өзбекче сүйлөшүү чөйрөсү дээрлик аз түндүк регионундагы Токмок шаарынын А. Навои атындагы №4 орто мектеби алынды.

Эми ушул сыноонун жүрүшү жана жыйынтыгы жөнүндөгү статистикалык маалыматка көңүл бөлөлү.

Ал эксперименттин жыйынтыктоочу этабындагы төмөндөгү маалыматтарда чагылдырылды:

1-таблица.

Кеп адебинин түрлөрү боюнча текшерүүнүн жыйынтыгы
а) өзбекче сүйлөшүү чөйрөсү дээрлик аз мектептер
(1–4-кл.)

| Кеп адебине үйрөтүү боюнча көнүгүүлөрдүн типтери жана түрлөрү | Класс түрү | Окуучу саны | | | | | өздөшт. % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | «5» | «4» | «3» | «2» | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 1.Маданияттуу байланышууга үйрөтүүчү көнүгүүлөр (1–4-кл.)<br>-саламдашуу адеби;<br>-коштошуу адеби;<br>-таанышуу адеби; | Экспер-к | 41 | 11 | 20 | 8 | 2 | 95,1 |
| 2.Сурап алуу, сурап билүү адеби (1–4-кл.);<br>-уруксат суроо адеби;<br>-буюмду сурап алуу адеби;<br>-бир нерсе жөнүндө сурап билүү адеби | Экспер-к | 40 | 8 | 20 | 9 | 3 | 92,5 |
| 3.Талаш-тартыштагы кеп адеби (1–4-кл.);<br>-каршы болуу адеби;<br>-өз оюн билдирүү адеби;<br>-макул болуу адеби; | Экспер-к | 39 | 6 | 20 | 9 | 4 | 89,7 |
| 4.Эмоционалдык-экспрессивдик кеп адеби (1–4-кл.);<br>-куттуктоо адеби;<br>-ыраазычылык билдирүү адеби;<br>-кечирим суроо адеби. | Экспер-к | 39 | 8 | 20 | 8 | 3 | 92,3 |



б) өзбекче сүйлөшүү чөйрөсү кеңири мектептер

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. Маданияттуу байланышууга үйрөтүүчү көнүгүүлөр (1–2-кл.):<br>- саламдашуу адеби;<br>- коштошуу адеби;<br>- таанышуу адеби; | Экспер-к | 117 | 38 | 48 | 27 | 4 | 96,6 |
| | Тек-рүү | 115 | 12 | 41 | 53 | 9 | 92,2 |
| 2. Сурап алуу, сурап билүү адеби (2–3-кл.);<br>- уруксат суроо адеби;<br>- буюмду сурап алуу адеби;<br>- бир нерсе жөнүндө сурап билүү адеби; | Экспер-к | 120 | 31 | 46 | 38 | 5 | 95,8 |
| | Тек-рүү | 114 | 10 | 37 | 58 | 9 | 92,1 |
| 3. Талаш-тартыштагы кеп адеби (2–3-кл.);<br>- каршы болуу адеби;<br>- өз оюн билдирүү адеби;<br>- макул болуу адеби; | Экспер-к | 115 | 24 | 39 | 45 | 7 | 93,9 |
| | Тек-рүү | 119 | 9 | 31 | 67 | 12 | 89,9 |
| 4. Эмоционалдык-экспрессивдик кеп адеби (4-кл.);<br>- куттуктоо адеби;<br>- ыраазычылык билдирүү адеби;<br>- кечирим суроо адеби. | Экспер-к | 115 | 22 | 49 | 39 | 5 | 95,7 |
| | Тек-рүү | 120 | 10 | 38 | 63 | 9 | 92,5 |

Кеп адебинин ар кандай түрлөрүнө ылайык көнүгүүлөрдүн түрлөрүн аткаруу кыргызча кеп адебине үйрөтүүгө ыңгайлуу шарт түзө тургандыгын, анын грамматикалык мүнөздөгү тапшырмаларды аткаруу менен чектелүүдөн кыйла айырмалана тургандыгын эксперименттин жыйынтыгы көрсөттү.

Таблицада көрүнүп тургандай, кыргызча кеп адебинин типтери жана алардын бир катар түрлөрү боюнча иштөөдө өзбекче сүйлөшүү чөйрөсү дээрлик аз жана өзбекче сүйлөшүү чөйрөсү кеңири аймактардагы мектептерде да окуучулардын көпчүлүк бөлүгү биз күткөндөй натыйжага жетишкенин белгилөөгө болот. Ошону менен бирге, эксперименттик класстардагы өздөштүрүү деңгээли текшерилүүчү класстардагы окуучулардын өздөштүрүү деңгээлинен бир топ жогору болду.

**Илимий иштин жалпы жыйынтыгы жана илимий-методикалык сунуштар**

Изилдөө иштеринин жана сыноонун жыйынтыгы катары төмөндөгүлөр белгиленди:

1. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикалык принциптери, анын ичинде, кепке багыт берүү принциби, кырдаалдык-тематикалык принциби, өлкө таануучулук принцип, окуучунун өз эне тилиндеги өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу принциби жана да окуу материалдарын функционалдык негизде тандап алуу принциптеринин туура экендиги аныкталды. Ушул сыяктуу методикалык принциптерди жетекчиликке алып окутуу менен балдарга кыргыз тилин талаптагыдай үйрөтүүгө мүмкүн экендиги белгилүү болду. Ошондо да буларды баса белгилегибиз келет: сабакты кыргызча кеп адебинин типтерине жана түрлөрүнө ылайык уюштуруп, диалогдорду түзүүгө көбүрөөк басым коюу – баары бир грамматиканы четке кагуу дегенди билдирбейт.

2. Окутуунун психологиялык негиздери катары, кенже класстын балдары өз ара баарлашууга табиятынан эле жакын экендигине, алардын речине, турмушуна, кызыкчылыгына жакын темалардагы сунуш кылынган тапшырмаларды тез жана туура аткара тургандыгына, ушундай иштер аркылуу алардын кызыгууларын, тил үйрөнүүгө ынтаасын, **кептик** ишкердүүлүктөрүн ырааттуу активдештирүүгө мүмкүн экендигине ынандык.

3. Кыргызча кеп адебине үйрөтүүгө сунуш кылынган ыкмалар да окуучулардын кеп адебин өстүрүүгө кыйла жардам берет. Сабакты сүйлөө сабагына айлантууда дал ушундай жолдорду колдонуу ылайыктуу натыйжа берет.

4. Кеп адебине ылайык сүйлөө сабактарын уюштурууда ага багыт берүүчү көнүгүүлөр системасын түзүү, тапшырмалардын ырааттуулугуна жетишүү да тил үйрөтүүдө өзгөчө мааниси бар экендигин жыйынтык сыноолор ырастады.

5. Кыргызча кеп адебин өстүрүүдө анын типтери, түрлөрү, алар боюнча жупташып, топтошуп иштөө сыяктуу иштин түрлөрүн пайдалануу жакшы натыйжа берет. Ал иш-аракет окуу процессинде жасалма сүйлөшүү кырдаалын түзүүгө көмөк берет. Биз көрсөткөн кеп адебинин типтери, түрлөрү да балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө дал келерин сыноо көрсөттү.

Ушуларга негизденип, төмөндөгүдөй **илимий-методикалык сунуштарды** белгилемекчибиз:



– окуу программаларында грамматикалык материалдар менен кошо кыргызча кеп адебинин түрлөрүнө машыктыруучу материалдарды жетишерлик киргизүү;

– окуу китептерине өзбек балдарынын жаш өзгөчөлүгүнө жараша кыргызча кеп адебине үйрөтүүчү жана машыктыруучу атайын темалар жана аларга ылайык көнүгүүлөрдүн системасын кенири пайдалануу;

– кыргызча кеп адебине үйрөтүүчү окуу-методикалык колдонмолорду түзүп, мугалимдерге сунуштоо;

– окутуу методикасынын салттуу методдору менен бирге интерактивдүү методдорду активдүү колдонуп, сабактын натыйжалуулугун, жугумдуулугун арттыруу;

– кыргыз тили сабагында мамлекеттик тилди практикалык максатта коммуникативдик багытта окутуп-үйрөтүүгө басым жасоо;

– түрдүү тематикада жана кырдаалдарда окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, кызыкчылыктарына жараша сүйлөшүү чөйрөсүн түзүп, алардын кыргызча сөз байлыгын өстүрүү, байланышуу кебин өнүктүрүү, кыргызча кеп этикетине машыктыруу.

**Жыйынтыктап айтканда, илимий иштин башында белгиленген анын божомолу сыноо иштеринин жыйынтыгында толук далилденди. Демек, окуу процессинде кыргызча кеп адебинин типтерине жана түрлөрүнө машыктыруу менен балдардын кыргызча сөз байлыгын, байланыштуу кебин өстүрүүгө мүмкүн экендигине ынандык. Аны сыноо жана байкоо ишинин жүрүшүндөгү окуучулардын өздөштүрүүсү жана мугалимдердин далилдүү ой-пикирлери да айкындап турат.**

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде жарыяланган:**


1. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде жана класстарда кыргыз тилин окутуунун мамлекеттик стандарты. // Китепте: КРнын орто мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, (С.Рысбаев, А.Акматова, Э.Калманова менен бирге түзүүчү). –Бишкек, 2006. - 194-200-б.б.

2. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1-11-класстары үчүн Кыргыз тили программасы (Т.Апирбаев, С.Рысбаев, А.Акматова менен түзүүчү: 3 б.т.). –Бишкек, 2006. -4 б.т.

3. Адеп алиппеси: 1-класстар окуу китеби (С.Рысбаев менен авторлош: 4 б.т.). –Бишкек: Учкун, 2006. -7 б.т.

4. Кыргыз тили: 1-класстар үчүн сынак окуу китеби (С.Рысбаев менен авторлош: 3 б.т.). –Бишкек: Билим куту, 2007. -7 б.т.

5. Эне тили жана окуу китеби: окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1-класстары үчүн окуу китеби (К.Абдуллаева, С.Рысбаев, А.Юнусова менен авторлош: 3 б.т.) –Ташкент, 2008. -9 б.т.

6. Кыргыз балдар адабиятынын антологиясы (А.Акматалиев, С.Рысбаев менен бирге түзүүчү: 25 б.т.). –Бишкек: Шам, 2004. - 35 б.т.

7. Рабаят: 1-4-класстардын окуучулары үчүн хрестоматия. (С.Рысбаев менен авторлош: 6 б.т.). –Бишкек: Бийиктик, 2007. -10 б.т.

8. Адеп: 1-класстын мугалимдери үчүн методикалык колдонмо. (С.Рысбаев менен авторлош: 3,5 б.т.). –Бишкек: Гүлчынар, 2005. -7,75 б.т.

9. Алиппе майрамы: башталгыч класстардын мугалимдери үчүн методикалык колдонмо. (С.Рысбаев, Б.Токтоматова менен авторлош: 2,25 б.т.). –Бишкек: Гүлчынар, 2006. -4,25 б.т.

10. Башталгыч класстарда кыргыз тилинен жатжазуу жумуштарын жүргүзүүнүн технологиялары: башталгыч класстардын мугалимдери үчүн методикалык колдонмо. (С.Рысбаев, М.Касымгелдиева менен авторлош: 1,5 б.т.). –Бишкек: Гүлчынар, 2005. -2,5 б.т.

11. Кыргызча кеп адеби: методикалык колдонмо. –Бишкек: Гүлчынар, 2007. -6,75 б.т.

12. Адеп сабагы 1-класста // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. –Бишкек, 2004. -№1. -124-127-б.б.

13. Риторикалык көнүгүүлөр жана алар менен иштөө ыкмалары (С.Рысбаев менен авторлош) // Наука и новые технологии. –Бишкек, 2006. -№1. -153-158-б.б.

14. «Окуучунун дилбааны» китеби жана андагы илимий-методикалык табылгалар тууралуу // Эл агартуу. –Бишкек, 2006. -№ 9,10. -17-23-б.

15. Адам көркү – адеп // Мугалим. –Бишкек, 2006. -№1. - 50-53-б.б.

16. Риторикалык көнүгүүлөр менен иштөө ыкмалары // Китепте: Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуу маселелери (автору: С.Рысбаев). –Бишкек, 2006. - 116-129-б.б.

17. Өзбек мектептеринин 1-2-класстары үчүн «Кыргыз тили» окуу китептеринде окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүү проблемасынын чечилиш абалы // Эл агартуу. –Бишкек, 2007. -№ 7, 8. -39-46-б.б.



18. Өзбек мектептеринин 3-4-класстары үчүн «Кыргыз тили» окуу китептеринде окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүү проблемасынын чечилиш абалы // китепте: Кыргызстандагы билим берүү системасы: кечээ, бүгүн, эртең (Симпозиумдун материалдары) –Бишкек: Дилазык, 2007. 208-214-б.б.

19. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга: балдар үчүн окуу хрестоматиясы. 1-китеп, (С.Рысбаев, Б.Асаналиев, Ч.Бекбаева менен бирге түзүүчү, 15 б.т.), –Бишкек: Гүлчынар, 2008. 23 б.т.

20. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстарында кыргыз тили окутуу процессинде окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр системасы жана алар менен иштөө жолдору. Китепте: Орто мектепте кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун технологиялары: (С.Рысбаев, А.Муратов, А.Батыркулова менен авторлош, 8 б.т.), –Бишкек, Билим, 2008, 11 б.т.

21. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн социалдык-маданий проблемалары // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарчысы. –Бишкек, 2008. -№ 2. -31-35-б.б.

Абдухамидова Батмахан Абдуакимовнанын 13.00.02 – окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча **«Өзбек мектептеринин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери»** аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнө

## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** кыргыз тили, мамлекеттик тил, кеп маданияты, кеп адеби, көнүгүүлөр системасы, интерактивдүү багыт, коммуникативдик багыт, кептин коммуникативдик сапаттуулугу, сүйлөшүү чөйрөсү, окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектеп.

**Изилдөөнүн объекти.** Окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети.** Окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кеп адебине үйрөтүүнүн ыкмалары, кеп адебинин компоненттери жана анын лексикалык-грамматикалык негиздери, ага үйрөтүүчү жана машыктыруучу илимий-методикалык иш-аракеттердин системасы.

**Изилдөөнүн максаты.** Окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кыргызча кеп адебине жана сүйлөшүү маданиятына үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин аныктоо.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык метод, статистикалык метод, илимий-методикалык адабияттарды иликтөө, жалпылоо, байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү, диагностикалык текшерүү жүргүзүү, анкета ж.б.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кеп адебине үйрөтүүнүн лексикалык-грамматикалык негиздерин, кеп адебинин компоненттерин, анын дидактикалык мүнөздөмөсүн, кыргызча кеп этикети, түрлөрү жана алардын белгилерин аныктоо, балдардын кебинин коммуникативдик сапаттуулугун арттыруунун бирдиктүү системасын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Окуучулардын кебинин коммуникативдик сапаттуулугун арттыруу үчүн окуу китебин түзүүдө, өзбек тилинде окуган мектептерде кыргыз тилин коммуникативдик багытта жүргүзүүдө, кыргызча кеп адебине, сүйлөшүү маданиятына үйрөтүүдө негизги таяныч методикалык изилдөө боло алат. Мугалимдерди даярдоодо, кайра даярдоодо жана билимин жогорулатууда колдонулат, аспиранттар мындан аркы изилдөөлөрүндө пайдаланышса болот.



## РЕЗЮМЕ

диссертационного исследования Абдухамидовой Батмахан Абдуакимовны по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения (кыргызский язык) на тему **«Научно-методические основы обучения кыргызскому речевому этикету учащихся 1–4 классов узбекских школ при изучения кыргызского языка»** на соискание ученой степени кандидата педагогических наук.

**Ключевые слова:** кыргызский язык, государственный язык, культура речи, речевой этикет, система упражнений, интерактивный подход, коммуникативный аспект, коммуникативное качество речи, среда общения, школа с узбекским языком обучения.

**Объект исследования:** Процесс обучения кыргызскому языку в 1–4 классах узбекских школ.

**Предмет исследования:** Методы обучения культуре речи и речевому этикету при изучении кыргызского языка учащимися 1–4 классов школ с узбекским языком обучения, компоненты речевого этикета и его лексико-грамматические основы, система обучающих и тренировочных научно-методических мероприятий.

**Цель исследования:** Определение путей обучения кыргызскому речевому этикету и культуре речи при изучении кыргызского языка в 1–4 классах школ с узбекским языком обучения.

**Методы исследования:** теоретический метод, статистический метод, анализ научно-методической литературы, обобщение, наблюдение, интервьюирование, диагностическое апробирование, анкетирование и т. д.

**Научная новизна исследования:** Определение лексико-грамматических основ обучения учащихся кыргызскому речевому этикету в начальных классах школ с узбекским языком обучения, компонентов речевого этикета, его дидактической содержательности, типов, черт и особенностей кыргызского речевого этикета; разработка целостной системы развития коммуникативных качеств детской речи.

**Практическая значимость исследования:** Исследование может быть основной методической опорой при написании учебника для развития коммуникативных качеств детской речи; ведения кыргызского языка в русле коммуникативной направленности в школах с узбекским языком обучения, при обучении кыргызскому речевому этикету и культуре речи. Работа может использоваться при подготовке, переподготовке и повышении квалификации учителей, а также аспирантами и соискателями в процессе дальнейшего изучения проблемы.

## RESUME

to dissertation research Abduchamidova Batmahan Abduakimovna on speciality 13.00.02 – theory and methods of teaching (Kyrgyz). Theme: «Scientific-methodical basis of teaching Kyrgyz Speech etiquette Uzbek in the $1^{st}$-$4^{th}$ class students in learning Kyrgyz to research scientific degree of candidate of pedagogics.

**Key words:** Kyrgyz, state language, culture of speech, speech etiquette, the system of activities, interactive approach, communicative aspect, communicative quality, the area of communicating, Uzbek schools.

**The object of research:** Teaching process of Kyrgyz at the $1^{st}$ and $4^{th}$ classes of Uzbek schools.

**The subject of research:** The culture of speech and speech etiquette while learning Kyrgyz at the $1^{st}$ and $4^{th}$ Uzbek schools, the components of speech etiquette and its Lexis-methodical, grammatical basis of the learning system and exercising scientific-methodical issues.

**The aim of research:** The definition of speech etiquette and culture of speech teaching ways while learning Kyrgyz at the 1st–4th Uzbek classes.

**The methods of research:** theoretical method, statistic method, analyzing scientific- methodical literature, generalising, and observation, interviewing, diagnostic approbation, application.

The scientific innovation of research: The definition of Lexis-grammar basis of teaching Kyrgyz speech etiquette in Primary Uzbek classes the components, its didactic content, types, the features and peculiarities of Kyrgyz speech etiquette; working out of entire system children's' speech communicative development.

**The practical meaningfulness of research:** The research can be used as the main methodical appliance in writing the textbook for communicative development quality of children's speech, in teaching Kyrgyz speech etiqette and speech culture in communicative direction at Uzbek schools. It also can be used in training, retraining and improving skill courses of teachers also post graduates, and researchers can use it their job.

**Басууга 05.09.08. Формат 60x84 1/16. Офсет кагазы.**
**Көлөмү 1,8 б.т. Нускасы 100. Заказ №4**

**«Билим» басмасында даярдалды.**
**Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы 25.**
**Т.: 62-23-70.**